КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик
университети

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Ошский государственный
университет

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
Osh State University

Инд. 723500, Ленин к., 331,
тел.: (+996 03222) 72273, факс: (03222) 24066

Инд. 723500, ул. Ленина, 331,
тел.: (+996 03222) 72273, факс: (03222) 24066

331, Lenin Street,Osh, 723500
tel.: (+996 03222) 72273, fax: (03222) 24066

## БУЙРУК № 355

«17» 04 2020-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин он-лайн жыйынында каралып (2020-жыл, 17-апрель, №8 протокол) “2019-жылдагы ОшМУнун финансылык, чарбалык, курулуш иштеринин жыйынтыгы жана анын быйылкы жылдагы негизги багыттары” деп аталган №1 маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган чечим бекитилсин:

1. Ош мамлекеттик университетинин 2019-жылда жүргүзгөн финансылык, чарбалык, курулуш иштери канааттандырарлык деп табылсын.
2. Өзбекстандык студенттер өз мекенине массалык которулуп кеткендиктерине байланыштуу, 2019-2020-окуу жылына карата келишимдик төлөмдөрдүн суммалары кайрадан каралып чыгып окуу жайынын кирешеси такталсын, тиешелүү кафедраларда профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүктөмдөрү кайрадан эсептелинсин.
3. Коронавирус пандемиясына байланыштуу, жаңы окуу жылындагы абитуриенттерди кабыл алуудагы тобокелчилик эске алынсын, альтернатива катарында билимди экспорттоо мүмкүнчүлүгүнө олуттуу басым жасалсын, контракттык төлөмдөрдүн өлчөмү буларды эске алуу менен каралсын.
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы №511 "Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык, оптимизациялаштыруу максатында штаттык жадыбал кайрадан каралып чыксын.
5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 26-июнундагы №354 "Аралыктан билим берүү технологиясын колдонууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуш менен кайрылуу жасалсын.
6. Кырдаалга байланыштуу, университеттеги медициналык клиниканын жана эксперттик кызматтар сыяктуу кошумча кызматтары ишке киргизилсин. Карантинден кийин Саламаттыкты сактоо министрлигине лицензия алуу үчүн кайрылуу жасалсын.

7. Аккредитациялык талаптардын бири болгон “ОшМУ – Өндүрүш” комплексин түзүү боюнча багыттарды аныктоо, аны ишке ашыруу боюнча жумуштарды баштоо факультеттердин декандарына жана коллеждердин директорлоруна жүктөлсүн.
8. Университеттин окуу-өндүрүштүк базасын чыңдоо багытында инвестицияларды жана чет элдик гранттарды тартып келүү иштери бардык структура жетекчилерине милдеттендирилсин.
9. Бюджеттик жана атайын каражаттарды үнөмдүү пайдалануу максатында, натыйжа бербеген (дотациялык) структураларды жана штаттарды оптималдаштыруу иштери университеттин ректораты тарабынан мындан ары да улантылсын.
10. Университеттин негизги жана финансылык каражаттарды үнөмдүү жана максаттуу пайдаланышын камсыз кылуу үчүн ички аудиттин ишмердүүлүгү күчөтүлсүн.
11. Окуу жайдагы бардык инвентарлардын базасын түзүү жана аларды аккредитациялык талаптарга жооп бере тургандай кылып толуктоо иштери күчөтүлсүн.
12. Университеттин алдында технопарк түзүү жөнүндөгү долбоордун ишке ашырылуусу колго алынып, анын инфраструктурасын түптөө жана нормативдик базасын түзүү камсыз кылынсын.
13. Университеттин кирешесин мындан ары да туруктуу өстүрүү жана аны колдоо максатында пайда алып келе турган бизнес долбоорлорду иштеп чыгуу факультеттердин декандарына жана структура башчыларына милдеттендирилсин.
14. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун өнүктүрүү жана инвестициялар департаментинин директору Ж.Ж. Турсунбаевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчы М.Т. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**доцент** **К.Г. Кожобеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңеши**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Ученый Совет Ошского государственного университета**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC

**Academic Council of Osh State University**

Инд. 723500, Ленин к., 331,

тел.: (+996 03222) 72273, факс: (03222) 57558

Инд. 723500, ул. Ленина, 331,

тел.: (+996 03222) 72273, факс: (03222) 57558

331, Lenin Street, Osh, 723500 tel.: (+996 03222) 72273, fax: (03222) 57558

## ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2020-жылдын 17-апрелиндеги №8 жыйынындагы «2019-жылдагы ОшМУнун финансылык, чарбалык, курулуш иштеринин жыйынтыгы жана анын быйылкы жылдагы негизги багыттары» деген №1 маселеге карата

## Ч Е Ч И М И

**Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши талкууда берилген сунуштарды эске алып**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Ош мамлекеттик университетинин 2019-жылда жүргүзгөн финансылык, чарбалык, курулуш иштери канааттандырарлык деп табылсын.
2. Өзбекстандык студенттер өз мекенине массалык которулуп кеткендиктерине байланыштуу, 2019-2020-окуу жылына карата келишимдик төлөмдөрдүн суммалары кайрадан каралып чыгып окуу жайынын кирешеси такталсын, тиешелүү кафедраларда профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүктөмдөрү кайрадан эсептелинсин.
3. Коронавирус пандемиясына байланыштуу, жаңы окуу жылындагы абитуриенттерди кабыл алуудагы тобокелчилик эске алынсын, альтернатива катарында билимди экспорттоо мүмкүнчүлүгүнө олуттуу басым жасалсын, контракттык төлөмдөрдүн өлчөмү буларды эске алуу менен каралсын.
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы №511 "Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык, оптимизациялаштыруу максатында штаттык жадыбал кайрадан каралып чыксын.
5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 26-июнундагы №354 "Аралыктан билим берүү технологиясын колдонууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуш менен кайрылуу жасалсын.
6. Кырдаалга байланыштуу, университеттеги медициналык клиниканын жана эксперттик кызматтар сыяктуу кошумча кызматтары ишке киргизилсин. Карантинден кийин Саламаттыкты сактоо министрлигине лицензия алуу үчүн кайрылуу жасалсын.

7. Аккредитациялык талаптардын бири болгон "ОшМУ – Өндүрүш" комплексин түзүү боюнча багыттарды аныктоо, аны ишке ашыруу боюнча жумуштарды баштоо факультеттердин декандарына жана коллеждердин директорлоруна жүктөлсүн.
8. Университеттин окуу-өндүрүштүк базасын чыңдоо багытында инвестицияларды жана чет элдик гранттарды тартып келүү иштери бардык структура жетекчилерине милдеттендирилсин.
9. Бюджеттик жана атайын каражаттарды үнөмдүү пайдалануу максатында, натыйжа бербеген (дотациялык) структураларды жана штаттарды оптималдаштыруу иштери университеттин ректораты тарабынан мындан ары да улантылсын.
10. Университеттин негизги жана финансылык каражаттарды үнөмдүү жана максаттуу пайдаланышын камсыз кылуу үчүн ички аудиттин ишмердүүлүгү күчөтүлсүн.
11. Окуу жайдагы бардык инвентарлардын базасын түзүү жана аларды аккредитациялык талаптарга жооп бере тургандай кылып толуктоо иштери күчөтүлсүн.
12. Университеттин алдында технопарк түзүү жөнүндөгү долбоордун ишке ашырылуусу колго алынып, анын инфраструктурасын түптөө жана нормативдик базасын түзүү камсыз кылынсын.
13. Университеттин кирешесин мындан ары да туруктуу өстүрүү жана аны колдоо максатында пайда алып келе турган бизнес долбоорлорду иштеп чыгуу факультеттердин декандарына жана структура башчыларына милдеттендирилсин.
14. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун өнүктүрүү жана инвестициялар департаментинин директору Ж.Ж. Турсунбаевге жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, доцент** **К.Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы** **М.Т. Байсубанов**